Искусство

УДК 371.3:72.012
DOI: 10.52754/16947452_2022_3_228

# БЫЧУУ ЖАНА ТИГҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНДӨ ОКУУЧУЛАРДЫ КӨРКӨМ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО

*Ысмайылов Мухтар Зулпукарович, п.и.к., доцент,*
*Мамазаиров Мирлан Латипович, улук окутуучу,*
*mamazairov2@gmail.com*
*Ашыралиева Бактыгүл Масалиевна, магистрант,*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *Маклада жалпы билим берүүчү мектептердин технология сабактарынын программаларында окуучулардын политехникалык билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруунун ырааттуу системасы эске алынбагандыгы баяндалат. Аталган программаларда окуучулардын компьютердик технологиялар, дизайн, үй-чарба жана кондитердик тамак - аш жасоо, гүл өстүрүү, тигүү ж.б.у.с. иштер боюнча компетенцияларын калыптандыруу жагы каралганы менен, алардын физиологиялык, психологиялык, жаш жана гендердик өзгөчөлүктөрү эске алынбагандыгы айтылат. Ошол себептен авторлор эмгекке тарбиялоо процесстерин эркек балдарга өзүнчө, кыз балдарга өзүнчө уюштуруу зарылчылыгын белгилешет. Макалада эмгекке үйрөтүүнүн мындай модели советтик мектептерде эң сонун практикалангандыгы эске салынат. Мындан сырткары ОшМУда жүргүзүлгөн көп жылдык аналитикалык иштердин натыйжасында маселенин актуалдуулугу, аны илимий жактан чечүүнүн максаттары, милдеттери, шарттары, методдору жана принциптери иштелип чыккандыгы баяндалат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *көркөм чыгарма, технология, эмгекке үйрөтүү, тигүүчүлүк, окуу планы, политехникалык билим берүү, компьютердик технология, дизайн, көндүмдөр, көркөм кол өнөрчүлүк, физиологиялык, психологиялык, гендердик жана жаш өзгөчөлүктөрү, максаттары, милдеттери, шарттары, ыкмалары, принциптери, илимий чечими, модель.*

# ОБУЧЕНИЕ СТУДЕНТОВ ХУДОЖЕСТВЕННОМУ ТВОРЧЕСТВУ В ШВЕЙНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

*Ысмайылов Мухтар Зулпукарович, к.п.н., доцент,*
*Мамазаиров Мирлан Латипович, старший преподаватель,*
*mamazairov2@gmail.com*
*Ашыралиева Бактыгуль Масалиевна, магистрант,*
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация.*** *В статье констатируется, что в учебных планах технологических классов общеобразовательной школы не учитывается последовательная система формирования политехнических знаний, умений и навыков учащихся. На этих программах студенты изучают компьютерные технологии, дизайн, домашнее и кондитерское дело – кулинарию, цветоводство, шитье и др. Хотя и рассматривается формирование компетенций в кейсах, не учитываются их физиологические, психологические, возрастные и гендерные особенности. По этой причине авторы подчеркивают необходимость организации процесса трудового воспитания отдельно для мальчиков и девочек. В статье отмечается, что данная модель трудового обучения лучше всего практиковалась в советских школах. Кроме того, в результате многолетней аналитической работы, проводимой в ОшГУ, описывается актуальность проблемы, разработка целей, задач, условий, методов и принципов ее научного решения.*

***Ключевые слова:*** *художественное произведение, технология, трудовое обучение, шитье, учебная программа, политехническое образование, компьютерная техника, дизайн, навыки, декоративно-прикладное искусство, физиологические, психологические, половозрастные особенности, методы, принципы.*

## EDUCATING STUDENTS IN ARTISTIC WORK IN TAILORING AND SEWING ACTIVITIES

*Ysmaiylov Mukhtar Zulpukarovich,*
*candidate of pedagogical sciences, associate professor,*
*Mamazairov Mirlan Latipovich, senior lecturer,*
*mamazairov2@gmail.com*
*Ashiralieva Baktygul Masalievna, master,*
*Osh State University*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract***. *The article states that the curricula of technological classes of a general education school do not take into account a consistent system for the formation of polytechnical knowledge, skills and abilities of students. In these programs, students study computer technology, design, home and confectionery - cooking, floriculture, sewing, etc. Although the cases consider the formation of competencies, their physiological, psychological, age and gender characteristics are not taken into account. For this reason, the authors emphasize the need to organize process of labor education separately for boys and girls. The article notes that this model of labor training is best practiced in Soviet schools. In addition, because of many years of analytical work carried out at Osh State University, the relevance of the problem, the development of goals, objectives, conditions, methods and principles of its scientific solution.*

***Keywords:*** *work of art, technology, labor training, sewing, curriculum, polytechnic education, computer technology, design, skills, arts and crafts, physiological, psychological, gender and age characteristics, goals, objectives, conditions, methods, principles, scientific solution, model .*

**Киришүү.** Эмгекке үйрөтүү инсанды тарбиялоонун эң эле маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат. “Адамды адам кылган эмгек” деп Ф.Энгельс таамай белгилегендей [9], эмгек процессинде бала өзү жана аны курчап турган дүйнө жөнүндөгү идеяларын түп тамырынан бери өзгөртө алат. Бала эмгектеги ийгиликтердин таасири астында ар тараптан өнүгүп олтурат жана ал өз кезегинде класстагы кадыр-барктуу окуучу катары калыптана баштайт. Ушул өңүттөн алып караганда маселе бүгүнкү күндүн эң эле **актуалдуу** маселелеринин бири катары каралат.

Сүлүктү шаарындагы көркөм өнөр – музыкалык мектебинде жана жалпы билим берүүчү мектептерде жүргүзүлгөн көп жылдык аналитикалык иштерибиз мектеп окуучуларынын билимдери, билгичтиктери , көндүмдөрү жана ар түрдүү ишмердүүлүгүндөгү жөндөмдүүлүгү белгилүү бир эмгек процесстеринде гана жөнгө салына тургандыгын ырастады. Мындан сырткары эмгек ишмердүүлүгүндө баланын ой жүгүртүүсүнүн жаңы түрлөрү калыптанып, эмгек жамаатынын алкагында окуучу эмгектенүү, баарлашуу, кызматташуу сыяктуу өтө зарыл көндүмдөргө ээ боло ала тургандыгы далилденди. Мындай көндүмдөр баланын коомго адаптациялануу процесстерин жеңилдетет.

Жалпы билим берүүчү мектептердин эмгекке үйрөтүү (технология) сабактарынынын мазмуну окуучулардын жаш жана психо - физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша жеке жана социалдык багытка ээ болуп, максаттуу, мазмундуу, көп кырдуу болууга тийиш. Мындай көз караштар жогорку окуу жайлардагы “Окуучуларды эмгекке үйрөтүүнүн методикасы” дисциплиналарынын мзмунунда жана белгилүү орус окумуштуусу Тхоржевский Д.А. тарабынан да айкын белгиленген [7].

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Бычуу жана тигүү ишмердүүлүгүндө окуучуларды көркөм эмгекке тарбиялоо маселесин иликтөө максатында диалектиканын жалпы байланыш, өнүгүү, карама - каршылык, себептүүлүк, тарыхыйлуулук, объективдүүлүк сыяктуу негизги жоболоруна таянуу менен илимий педагогиканын бир катар изилдөө методдоруна басым жасалды. Мында окуучуларга көркөм билим берүү боюнча мектептердин жана шаардык, областык билим берүү уюмдарынын документациялары, өкүмөттүк программалар, илимий – изилдөөлөрдүн натыйжалары жана башка булактар анализделди. Натыйжада аталган маселе бүгүнкү күндүн орчундуу социалдык маселелеринин бири катары каралышы керек экендиги жана илимий жактан терең анализденип, тез арада жөнгө

салынуусу максатка ылайыктуу деп ойлойбуз. Мындан сырткары маселени чечүүнүн конкреттүү милдеттери белгиленди, алар: тигүү өнөрүнүн өнүгүү жана калыптануу башаттарын анализдөө, кыргыздардын улуттук кийимдеринин өзгөчөлүктөрүн иликтөө, мектеп жашындагы өспүрүмдөрдү эмгекке тарбиялоонун табиятынын ролун тактоо, көркөм эмгекке багыттап окутуунун программалык жана айрым методикалык көрсөтмөлөрүн ачып берүү.

Мындан сырткары изилдөөнүн базалык булактары болуп педагогикага жана искусство таанууга байланыштуу философиялык изилдөөлөр, Ош мамлекеттик университетинин кол жазмалар фондунун материалдары, элибиздин маданиятына, тарыхына арналган илимий адабияттар, чет элдик, ата мекендик окумуштуулардын педагогикалык, кол өнөрчүлүк, эстетикалык көз караштарын анализдөөгө арналган эмгектери кызмат өтөдү.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Учурда айрым кошуна мамлекеттерде мектептердин окуу программаларынын максаттарын жана мүнөзүн кайра карап чыгуу, жаңы стандарттуу эмес ыкмаларды, анын ичинде бир катар альтернативаларды ишке ашыруу сыяктуу маселелер да сунушталууда: мектеп окуучуларынын өндүрүштүк жана ал тургай окуу-тарбия иштеринен толук баш тартуудан базар мамилелеринин бардык закондоруна ылайык иштеп жаткан чарбалык эсептеги ишканалар болуп эсептелген мектеп кооперативдерин, чарбалык структураларды уюштуруу. Мында окутуунун жаңы технологиялары киргизилип, эмгекке тарбиялоонун дифференциациясы ишке ашырылып, материалдык база жакшырып, жаңы окуу курстарын ишке киргизүү жагы практикаланган [2]

Эмгекке үйрөтүү жана тарбиялоо менен мектеп окуучуларынын жамааттык руханий дүйнөсүн, т.а. коллективде жашоо маданиятын, эмгек тартибин, эмгекке болгон сүйүүсүн, адал жашоого, эстетикалык баалуулуктарга умтулуусун калыптандыруу менен, сулуулуктун жана ак эмгектин мыйзам ченемдүүлүгү боюнча турмуш жолуна кадам таштоого ынтызар болгон *жаңы адамдын моделин* калыптандыруу жагы көңүлгө алынган. Жаштарга көркөм тарбия берүүнүн мындай концептуалдуу багыттары байыркы замандардан бери эле элдик кол өнөрчүлүктүн өзөгүндө муундан муунга өтүп, нукура тарбиялык баалуулуктар катары сакталып келет.

Адам табиятынан эле сүрөткер, кооздук менен сулуулукту абдан жакшы айырмалай билген өзгөчө зат, ал бизди курчап турган дүйнөнүн

өңүнө, түсүнө, ыргактуу кыймылдарына жана көлөмүнө карата өзүнүн эмоциялуу сезимдери аркылуу мамиле жасайт. Ал эми элдик көркөм кол өнөрчүлүк айлана-чөйрөнү кооздоп эле койбостон, анын көркөм-сүрөттүү мазмунун, экспрессивдүүлүгүн арттырып, байытып, өнүктүрөт. Чындыгында адам жаратылыштын бир бөлүгү. Анын образдык ой жүгүртүүсү да табияттан сыркары болууга мүмкүн эмес. Табият канчалык кооз болсо, адамдын жан дүйнөсү да ошончолук кооз, ошончолук сулуу. Кыргыз эли тээ байыртадан эле өзүнүн кол өнөрчүлүгүн табияттын ажайп кооз көрүнүштөрүн стилдештирүү аркылуу гүлдөтүп - өнүктүрүп келген” [8].

Сүлүктү шаарынын жана Баткен областынын бир катар мектептеринин, деги эле жалпы билим берүүчү мектептердин технология сабактарынын программалык мазмунуна анализ жүргүзгөнүбүздө, окуучулардын политехникалык билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруунун ырааттуу системасы эске алынбагандыгы байкалды. Технология сабактарынын программаларында физикалык, компьютердик технологиялар, дизайн, үй-чарба жана кондитердик тамак - аш жасоо, гүл өстүрүү, тигүү ж.б.у.с. иштер боюнча билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу жагы каралган. Окуучуларды эмгекке тарбиялоо жөнүндө сөз болгондо, алардын физиологиялык, психологиялык, жаш жана гендердик өзгөчөлүктөрүн эске албай коюуга болбойт. Анткени “Мектеп турмуш жолу“ дегендей, мектептин билим берүү сапаты өз бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек жолундагы ийгиликтери менен айкындалат. *Ошол себептен эмгекке тарбиялоо процесстерин эркек балдарга өзүнчө, кыз балдарга өзүнчө уюштуруу зарылчылыгы келип чыгат.* Эмгекке тарбиялоонун мындай модели советтик мектептерде эң сонун практикаланып келген.

Маселени Сүлүктү шаарындагы көркөм өнөр – музыкалык мектебинин педкеңешинде, “Дизайн”, “Сүрөт, чийүү жана эмгек” кафедраларынын отурумдарында ар тараптан карап чыгып, изилдөөбүздүн багытын элдик кол өнөрчүлүктүн каражаттары аркылуу окуучуларды көркөм эмгекке тарбиялоо, өзгөчө кыз балдардын бычуу, тигүү сыяктуу чеберчилигин, креативдик ой туюмдарын, эмоцияларын, көркөм табитин калыптандыруу жагын эске алдык. Азыркы жаш муундардын өкүлдөрү интернет дүйнөсүнө эрксизден байланып, анын сазына белчесинен батып бараткан кез. Ошондой эле изилдөөлөрүбүз көрсөткөндөй учурда мектептин окуу – тарбиялык программаларын терең анализдеп чыгып, балдардын келечектеги үй

бүлөлүк күнүмдүк жашоо турмушунда керектелүүчү эмгек тажрыйбаларын калыптандырууну көздөгөн, бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бере турган ийкемдүү окуу программаларын кезиктире албадык. Ошондон улам аталган окуу программаларынан мазмуну жана сапаты жагынан бир топ өзгөчөлөнгөн, натыйжалуу окуу программаларын түзүп чыгуу жана аны тез арада турмушка ашыруу сыяктуу өтө зарыл иштер турат.

Мектеп окуучуларын турмушка даярдоо жараяндарын анализдөөдөн улам окуучулардын өзгөчө кыз балдардын жашоо тиричилигинде керектелүүчү бычуу, тигүү жөнүндөгү билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча мектептерде бир бир катар шарттарды түзүп чыгуу зарылчылыгы аныкталды.

Мындан сырткары педагогикалык контекстте жаштарга бычуу жана тигүү өнөрүн үйрөтүү аркылуу тарбиялык баалуулуктарды калыптандыруу иштери системалуу анализденип, тарбиялык, эстетикалык баалуулуктар аркылуу педагогикалык тарбиялоо өзгөчөлүгү көрсөтүлдү.

- Тигүү өнөрүнүн өнүгүү жана калыптануу башаттары анализденди;
- Кыргыздардын улуттук кийимдеринин өзгөчөлүктөрү иликтенди;
- Мектеп жашындагы өспүрүмдөрдү эмгекке тарбиялоонун табиятынын ролу такталды;
- Эмгекке багыттап окутунун кээ бир методикалык көрсөтмөлөрү ачып берилди.

**Корутунду.** Ошентип иликтөөлөрдөн улам жыйналган теориялык жана методикалык материалдар жогорку окуу жайлардын «Кийим дизайны» даярдоо багыттарында билим алган студенттердин терең билим алуусуна багытталган атайын курстарда, лекцияларда, семинардык сабактарда, ошондой эле педагогикага жана искусствого тиешелүү талкуулардын мазмуну катары кызмат кылат. Декоративдик колдонмо өнөрдү жана элдик кол өнөрчүлүктү мектептен окутуп – үйрөтүү практикалык зор мааниге ээ экендигин дагы бир жолу далилденди. Мектептерде кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүгө илимий - концептуалдуу иликтөө аркылуу элдик маданияттын маңызын терең ачууга, социалдык ченемин түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Көркөм өнөрдөгү тарбиялык, этностук өзгөчөлүктөрдү, анын жалпы педагогикалык ой жүгүртүүгө кошкон салымын изилдөө зарылдыгы мамлекеттин коомдук-саясий жана руханий өнүгүшүнө жардам берет деген ойдобуз.

**Адабияттар**

1. Актуальные вопросы трудового воспитания младших школьников на современном этапе. Программно-методическое пособие. - Славянск- н/К: ИЦ СФАГПИ, 2000. 32с.
2. Аверичев Ю.П. Нужна ли трудовая подготовка школьников? //Педагогика, 1991, №12 с. 34-39
3. Батышев С.Я. Трудовая подготовка школьников: вопросы теории и методики. – М.: Педагогика, 1981 с. 68-78. с. 103-120.
4. Баранов С.П., Сластенин В.А. Педагогика. - М., 2004.
5. К вопросу о формировании мотивов трудовой деятельности младших школьников // Оценка эффективности образовательных технологий: Тез. докл. 2-й Всероссийской науч.-практ. конф. Ч. И - Славянск - н/К, 2000. - С. 95-96. Соавт.:Е.А. Мозговой, Т.С. Юрьева.
6. К вопросу о методах трудового воспитания младших школьников // Проблемы и перспективы реализации базисного учебного плана образовательных учреждений Российской Федерации: Сб. науч. тр. - Славянск-н/К, 2000. С. 237 - 241. Соавт.: Е.А. Мозговой,Т.С. Юрьева.
7.Тхоржевский Д.А. (https://www.twirpx.com/file/1630947/)
8. Ысмайылов М.З. көркөм сүрөт өнөрү жана анын адам турмушундагы орду: Ош мамлекеттик университети. ВестникТ.1 №4. 2021г. С. 386-387.
9. Мектеп окуучуларына педагогикалык инновациялык усулдарды колдонуу менен сабактарды уюштуруунун эфективдүүлүгүн жогорулатуу // Bulletin of Osh State University. – 2013. – No 3. – P. 92-94. – EDN YLYXHZ.